Чыгарылган:
**“Stefanus Alliance International” миссиясы тарабынан, 2012-ж.**

Авторлору:
Эд Браун, Кристин Сторейкер
жана Лайза Уинтер

**Дизайны:** Tyde
**Финансылык колдоо:** Digni

Бардык укуктар корголгон.
Бул басылманын мазмуну ар бир мындай пайдалануу булак катары Stefanus шилтеме менен коштоло турган шартта, билим берүү же башка коммерциялык эмес максаттарда пайдаланылышы жана/же өндүрүлүшү мүмкүн.

# Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| 1 | Киришүү | 4 |
| 1.1 | Дин жана ынаным эркиндиги – ар бир адамдын кызыкчылыгында | 4 |
| 1.2 | Кеңири жайылган адашуулар | 5 |
| 2 | Эмне үчүн дин жана ынаным эркиндиги мааниге ээ? | 6 |
| 3 | Дин жана ынаным эркиндиги эмнени түшүндүрөт? | 9 |
| 3.1 | Негизги документтер | 10 |
| 3.2 | Сегиз негизги нормативдик баалуулуктар | 10 |
| 4 | Дин жана ынаным эркиндигин бузуу кандай болот? | 14 |
| 4.1 | Куугунтуктун үч этабы | 14 |
| 4.2 | Дин жана ынаным эркиндигин мыйзамга каршы чектөө | 15 |
| 4.3 | Бийлик тарабынан чектөөлөр | 16 |
| 4.4 | Коом тарабынан кастык | 16 |


# Бул брошюраны кантип окуу керек

Биз бул брошюраны пайдаланууга ыңгайлуу болушу үчүн ага үч негизги элементти коштук. Сиздер таба турган биринчи элемент – бул буклеттин соңундагы ыңгайлуу кесиле турган памфлет. Бул аннотация түшүнүү үчүн оңой тилде баяндалган, тексттин кыскартылган версиясын берет. Аннотацияны өз алдынча, ошондой эле брошюраны окуу менен айкалыштырып пайдаланууга болот.

Экинчи элементи – бул татаал көздөрдүн же түшүнүктөрдүн сөздүгү. Сөздүк брошюранын акырында ылайыктуу бүктөмө баракчада берилген. Натыйжалуу пайдалануу үчүн сөздүккө оңой жетүү үчүн, биз окуу учурунда баракчаны ачууну сунуштайбыз. Бул сөздүктөгү сөздөр жылдызча (*) менен белгиленген. Сунушталган аныктама толук эмес жана акыркы эмес, бирок бул бюрошюра үчүн жетиштүү.

Жана, акыркысы, бул брошюра жумушчу дептери катары пайдаланылат деп үмүттөнөбүз. Сураныч, биз текстте караган кеңири көйгөйлөрдөгү, сизде пайда боло турган бардык ойлорду, комментарийлерди же суроолорду жазып коюңуздар.

# 1 Киришүү



1.1

## 1.1 Дин жана ынаным эркиндиги – ар бир адамдын кызыкчылыгында

Дүйнөнүн көпчүлүк калкы диний ынанымдарды карманышат. Тилекке каршы, адамдардын өзүнүн динин эркин тандоо жана билдирүү мүмкүнчүлүгү көбүнчө чектелет.[1]

Диний азчылыктын өкүлдөрүнө болгон жек көрүүчүлүк кол салуулар жана жамааттардын үстүнөн бийликтин катаал көзөмөлү биз болжолдогондон дагы көп жайылган. Куугунтук* ар кандай формаларда болот жана тынымсыз жана орой басмырлоо, эркиндигинен ажыратуу, дене бойлук жана психологиялык зомбулук жана адам өлтүрүү сыяктуу аракеттерге алып келет. 2011-жылдын декабрында Тажикстанда, Душанбенин жанында, жума намаздын убагында расмий бийликтин өкүлдөрүнүн кол салуусуна кабылышкан. Динчилдердин экөөсү айып салынган, ал эми тогуз мүчөсү ишти сотто кароосуз 10 күнгө камакка алынышкан.[2] 2011-жылы Кумардуу жумада Индиядагы Карнатака штатында эки протестанттык чиркөө индуисттик экстремисттер тарабынан кол салууга кабылган.[3] 2010-жылдын майында Пакистандын Лахорундагы эки ахмадисттик мечитке каршы багытталган, өлүмгө өкүм кылынгандардын террордук актысынын жыйынтыгында 90 ахмадит өлтүрүлүп жана 70тен ашыгы жаракат алган. Ахмадиттер өздөрүн мусулман деп эсептешет, бирок Пакистандын өкмөтү, ошондой эле сунниттердин жана шейиттердин жамааттары аларды еретиктер деп эсептешет. [4] Мунун баары дин жана ынаным эркиндиги адам укуктары боюнча ар кандай документтерде бекитилип жана дүйнөнүн дээрлик бардык өкмөттөрүндө кеңири таанылганына карабастан, бардык эле адамдар адамдын дин жана ынаным эркиндигинин негизги укуктарын пайдаланыша бербей турганын көрсөткөн саналуу гана мисалдар. [A]

“Stefanus Alliance International” миссиясы бул брошюранын жардамы менен дин жана ынаным эркиндигине тиешелүү маселелерди түшүндүрөт: эмне үчүн ал керек, анын негизги элементтери эмнени түшүндүрөт жана ал кандайча бузулат. Бул брошюранын максаты дин жана ынаным эркиндиги жөнүндө көбүрөөк маалымат алууга кызыкдар болгон ар бир адамга каражат берүүдө турат. Ошондой эле биз ал бүткүл дүйнөдө бул негизги эркиндикти жайылтуу жана коргоо үчүн пайдаланылат деп үмүттөнөбүз. Биз дин жана ынаным эркиндигин жайылтуу, коргоо жана урматтоо – бул сабырдуулук жана тынч жашоо артыкчылыктуу белгилери болуп саналган, көп конфессионалдык коомдорду өнүктүрүүдө маанилүү жана керектүү компонент экенине ишенебиз.

**A** 2012-жылдын мартына карата абал боюнча, БУУ 193 мүчөсүнүн 167си Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактыны (ЖСУЭП*) – 18-беренесинде ар бир адам ой жүгүртүү, ар-намыс жана дин эркиндигине укуктуу экени белгиленген, милдеттендирүүчү келишимди ратификациялашкан.

## 1.2 Кеңири жайылган адашуулар

Дин жана ынаным эркиндиги адамдын алгачкы укуктарынын бирин жана негизги эркиндиктердин бирин түшүндүргөнүнө карабастан, бул жобо эл аралык аренада талашка түшүп келет. Дин жана ынаным эркиндиги эмне болуп саналаары жана эмне болуп саналбай турганына байланыштуу көптөгөн кеңири жайылган адашуулар бар, ошондуктан биз бул брошюранын маңызына, атап айтканда, дин жана ынаным эркиндигине тиешелүү негизги маселелерге өткөнгө чейин, алардын айрымдарын кароо пайдалуу болот.
Көпчүлүктүн мүмкүн болуучу пикирине каршы, дин жана ынаным эркиндиги төмөндөгүлөрдү түшүндүрбөйт:

- Диндин өзүн же алардын идеяларын жана окууларын шылдыңдоодон жана сынга алуудан коргоо. Башка адам укуктары сыяктуу эле, дин жана ынаным эркиндиги идеялардын же окуулардын өзүн, мисалы сынга алуудан коргобойт, белгилүү көз карашты карманган адамдарды коргоого алат. Муну менен катар динди диний жек көрүүчүлүктү жайылтуу үчүн пайдаланууга болбойт, ал зомбулукка же басмырлоо көрүнүштөрүнө түртөт. (5)

- Конфессиялар аралык шайкештикти жана бир түрдүүлүктү камсыздоо*. Дин жана ынаным эркиндиги диний плюрализмди мүмкүн кылат, ошондой эле ар кандай диний топтордун өз ара урматтоо рухунда жашоосун шарттайт. БУУнун дин жана ынаным эркиндиги маселелери боюнча учурдагы атайын баяндамачысы, Гейне Билефельдт дин жана ынаным эркиндигин диний плюрализмди сактоодо бул укуктун тынычтык орнотуучу таасирин белгилөө менен, тынчтык орнотуунун диссонанстык* долбоору катары атайт.

- Артыкчылыктуу батыш/христиан концепциясын. Дин жана ынаным эркиндиги чектөөлөр ар бир континентте бар, жана бардык диний топтор ар кандай жолдор менен тигил же бул формада бул чектөөлөрдүн бутасы болуп калышат. Дүйнөдөгү көптөгөн чоң диндердин лидерлери бул укук адам укуктары боюнча заманбап документтерде бекитилгенге чейин эле, диний сабырдуулук үчүн жана дин жана ынаным эркиндигинин элементтери үчүн чыгышкан.(6)

- Дүйнө коомунда динди коомдук чөйрөдөн жеке чөйрөгө сүрүп чыгаруу. Дин жана ынаным эркиндиги светтик жашоону болжолдойт*, анда мамлекет диний дагы, ошондой эле диний эмес дагы көз караштарга жана жашоо позицияларына карата калыс иштейт. Бул динге каршы көз караш катары секуляризмди* киргизүүнү жана динден эркин коомдун зоналарын түзүү максатында коомдук чөйрөлөрдөн динди сүрүп чыгарууну актабайт.

**МИСАЛ**

### Индонезияда атеисттерди* куугунтуктоо

Алекс Аан, 30 жаштагы индонезиялык атеист, “Кудай жок” деп жазып жана Facebook тармагында атеисттик мүнөздөгү бетти жаратканы үчүн, эки жарым жылга эркинен ажыратууга жана $11000 эквиваленттүү өлчөмдөгү айып төлөөгө соттолгон. Индонезия – бул көпчүлүк адамдар мусулмандар болгон өлкө, бирок анда дин тутуу эркиндиги жөнүндө мыйзамдар иштейт. Бирок бул мыйзамдар белгилүү дин ынанымдарына: исламга, католицизмге, протестантизмге, буддизмге, конфуциячылыкка жана индуизмге карата гана жайылтылат. Атеизм дин жөнүндө мыйзамдар менен корголгон эмес. Аанга диний жек көрүүчүлүккө же кастыкка багытталган маалыматты жайылтуу; Интернетте Кудайды каралаган материалдарды жайылтуу үчүн; жана башкаларды атеизмди кабыл алууга чакыруу үчүн айып тагылган. Аандын дарегине бир нече коркутуулар келип түшкөн, ал эми айрым адамдар Аандын жана башка атеисттердин башын алууга үндөшкөн. Аан Facebook тармагындагы өзүнүн баракчасында ачык кечирим суроону жайгаштырып жана исламды кабылдаганына карабастан, ачууланган адамдардын тобу тарабынан сабалып, ошондой эле өзүнүн айылынан куулган.

*Булак: “The Guardian”, 2012-ж. 3-май*
*Benedict RogersChristian Worldwide, 2012*

**B** 2012-жылдагы абал боюнча

# 2 Эмне үчүн дин жана ынаным эркиндиги мааниге ээ?

БУУ түзүүнүн артында турган, кыймылдуу күчтөрдүн биринин өкүлү болгон, президент Франклин Д. Рузвельт элдер ынтымактуу жашаган дүйнөнү сунуштаганда, ал төрт негизги эркиндикти бөлгөн: сөз эркиндиги, дин тутуу эркиндиги, муктаждыктан болгон эркиндик жана коркуудан болгон эркиндик.[7] Көп учурда дин жана ынаным эркиндигине укук катары шилтеме кылынган, ой жүгүртүү, ар-намыс жана дин эркиндиги, көпчүлүктүн пикирине ылайык, биринчи эркиндик, адам укуктарынын маанилүү жана негизгилеринин бири жана демократиялык коомдун негиздеринин бири катары эсептелет.[8] Диний практиканы мыйзамга каршы чектөөлөр жана диндин жана ынанымдын негизинде куугунтуктоо бардык диний топторду, анын ичинде атеисттерди* жана агностиктерди* козгойт, жана бул дүйнөнүн бардык бөлүктөрүндө болууда. [9]
Дүйнө өлкөлөрүнүн 40%да динге карата жогорку же өтө жогорку чектөөлөр киргизилет. Айрым өлкөлөрдө чектөөлөр өтө жогору болгондуктан, калк абдан жыш жайгашкан, Жердин 7 миллиард калкынын төрттөн үчү динге карата жогорку чектөөлөр болгон өлкөлөрдө жашашат [10] жана көбүнчө негизги сокку диний азчылыктарга туура келет, алар көпчүлүк үчүн экономикалык, маданий же саясий коркунуч катары каралат.

Дин эркиндиги маанилүү, анткени ал инсанды коргойт, жеке ынанымдарды калыптандыруу жана аларды көрсөтүү укугун берет. Дин жана ынаным эркиндигин бузуу башка жарандык саясий укуктар менен жуурулушуп, ошондой эле коркунуч жаратат. Бул жашоого укук, жеке жашоонун кол тийбестигине болгон укук, жыйынга жана сөз эркиндигине болгон укук сыяктуу укуктар, ошондой эле социалдык, экономикалык жана маданий жааттардагы укуктар. Динге негизделген басмырлоо* азчылыктын социалдык жана экономикалык жыргалчылыктарга жетүү мүмкүндүгүнө таасирин тийгизет жана коомду туруксуздандыра турган, наараазычылыкка шарт түзүшү мүмкүн. Өзгөчө аялдар, балдар, сезондук жумушчулар жана качкындар аялуу. Ошондой эле дин жана ынаным эркиндиги диний топтордун ортосунда тынч жашоо, демократиялаштыруу, өнүктүрүү жана ар бир адам пайда алган - башка адам укуктар үчүн шарттарды түзөт. Ошентип, дин эркиндигине жетүү менен, биз жалпысынан адам укуктарына көмөк көрсөтөбүз.[11]

Ушундан улам, дин жана ынаным эркиндиги эмне үчүн маанилүү экендигинин бир нече себептери бар. Аларды төмөндөгүдөй жалпылаштырса болот:

- **Социалдык-экономикалык* жыргалчылык:**
  Дин жана ынаным эркиндигинин жана өлкөдөгү экономикалык эркиндиктин жана өнүгүүнүн деңгээлинин ортосунда бекем өз ара байланыш бар. Дин жана ынаным эркиндигин жогорку чектөөлөр төмөндөгүлөр менен тыгыз байланыштуу:

  - *Экономика.* Дин жана ынаным эркиндиктерин жогорку чектөөлөр менен мамлекет, эреже болгондой, төмөнкү ички дүң продуктуна, ошондой эле БУУ версиясы боюнча адамдын дараметинин өнүгүү индекси боюнча төмөнкү упайларга ээ болот.

  - *Аялдардын социалдык-экономикалык статусу.* Дин жана ынаным эркиндигин жогорку чектөөлөрү бар мамлекетте жашаган аялдар, эреже болгондой, өз өлкөсүндөгү парламентте, кесиптик эмгек жашоосунда, орто мектепте катышуунун төмөнкү пайызына ээ болушат. Ушундан улам, бул аялдар дин жана ынаным эркиндигин чектөөлөр төмөн же жок болгон мамлекеттерде жашаган аялдарга караганда төмөнкү орточо кирешеге ээ болушат.

  - *Ден соолук.* Дин жана ынаным эркиндигин чектөөлөрдү күчөтүү өлкөдөгү ден соолуктун көрсөткүчтөрүнө терс таасирин тийгизет. Дин жана ынаным эркиндигин жогорку чектөөлөрү менен өлкөлөрдө ымыркайлар арасындагы өлүмдүн деңгээли жана салмагы жетишсиз балдардын саны, дин жана ынаным эркиндигине төмөнкү чектөөлөр болгон же мындай таптакыр болбогон өлкөлөргө караганда жогору.(12)

- **Демократиялаштыруу* жана жарандык коом:**
  Дин эркиндигинин төмөнкү деңгээли адамдардын коомдук топторду түзүү мүмкүнчүлүктөрүнө тоскоолдук кылат жана өзгөрүүлөрдүн жолдоочулары болуп калат. Негизинде дин жаткан кыймылдар адамдарга жергиликтүү деңгээлде уюшуу мүмкүнчүлүгүн берет жана демократиялаштыруу процесси үчүн, ошондой эле жакырчылыкты кыскартуу үчүн дагы маанилүү ишмер болуп калышат.
  Авторитардык* мамлекеттер бул дараметтен коркушат жана дин эркиндигин чектөө аркылуу жарандык коомду жана анын таасирин кармап турууга аракет кылышат. Өкмөт өзүнө жоопкерчилик алып жана дин эркиндигин камсыздаганда, бул демократиялаштыруу процессине жана жарандык коомдун калыптануусуна оң салымын кошуусу мүмкүн.(13)






- **Зомбулук көрүнүшү менен жаңжал жана аскердик чыгымдардын жогорку деңгээли:** диний плюрализм жана мультикультурализм көбүнчө потенциалдуу коркунуч катары каралат жана көпчүлүк өлкөлөрдүн өкмөттөрү улуттук коопсуздукту, тартипти жана ынтымакты кармап туруу максатында дин эркиндигин чектөөгө аракет кылышат. Бирок статистикалык талдоо көрсөткөндөй, диний жаңжалдардын жана куугунтуктоолордун болушу өлкөдө диндердин көптүгү менен эмес, динди мамлекеттик жана социалдык чектөөлөр менен түшүндүрүлөт.(14) Мамлекеттик басмырлоо жана жазасыздык* коомдогу башка ишмерлер тарабынан зомбулукту мыйзамдаштырууда*. Бул зомбулук көрүнүштөрү менен социалдык чыңалууну тартипке салуу аракетинде андан ары мамлекеттик жөнгө салууга алып келиши мүмкүн жана мындай жол менен катаал куугунтуктоолорго эшик ачат. Жыйынтыгында укуктук жөнгө салуудан жана куугунтуктоодон турган үзгүлтүксүз далилденбеген айлампа болот.[15]

- **Табияттан тышкаркы нерсеге карата когнитивдик импульс:** когнитивдик илим жаатындагы акыркы изилдөөлөр адамдар табияттан тышкаркы нерсеге, мисалы кудайга (кудайларга) же башка материалдык эмес жандыктарга ишенүүгө карата табигый импульска ээ болоорун көрсөтүп турат. Адамдар табияттан тышкаркы аң-сезим жана табияттан тышкаркы аракеттердин мүмкүндүгүнө жол берген акыл-эс түзүлүштөрүнө ээ болушат. Бирок бул диндин чындыгы же жалгандыгы жөнүндө эч нерсе айтпайт; бул дин адам табиятынын негизги импульсун түшүндүрө турганын, ошондой эле дин жана ынаным эркиндигин олуттуу кабыл алуу керектигин болжолдойт. Ошондуктан бул мааниде, дин жана ынаным эркиндиктерин чектөө адамдардын тамакка жана үйгө болгон жетүү мүмкүндүгүн чектөөгө барабар катары каралышы мүмкүн.[16]

- **Ушундан улам,** дин жана ынаным эркиндиги адамдын негизги укугун гана түшүндүрбөйт, бул эркиндик мамлекеттеги демократиялык жана экономикалык кырдаал, анын жарандарынын жыргалчылыгы, ошондой эле туруктуулук жана анын жашоочулары арасындагы ынтымак үчүн маанилүү. Бул эркиндикти барк албастык мамлекеттик дагы, ошондой эле эл аралык деңгээлде дагы, узакка созулган жана олуттуу кесепеттерге ээ болушу мүмкүн. Ошондуктан, дин жана ынаным эркиндиги ар бир адам үчүн, өзүн динчил адаммын деп эсептегендер үчүн дагы, ошондой эле өзүн мындаймын деп эсептебегендер үчүн дагы чоң мааниге ээ.

# 3 Дин жана ынаным эркиндиги эмнени түшүндүрөт?

Дин жана ынаным эркиндигин кеңири чечмелөө керек жана ал диндин ар кандай түрлөрүн, башкача айтканда, салттуу, салттуу эмес жана жаңы диндерди, атеизмди жана агностицизмди тутунган жана практикалаган, өзүнчө инсандарды коргоо үчүн арналган. Ошондой эле ал эч кандай динди тутпоо укугун коргойт.[17] Кыскача айтканда, дин жана ынаным эркиндиги ар бир адамга динге же ынанымга ээ болуу; өзүнүн динин же ынанымын алмаштыруу жана өзүнүн каалоолоруна ылайык өзүнүн динин же ынанымын көрсөтүү* укугун берет.

## 3.1 Негизги документтер

Дин жана ынаным эркиндигине тиешелүү маанилүү эл аралык документтердин айрымдары төмөндөгүлөр:

- Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (АУЖД) 18-беренеси
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 18-беренеси
- 1981-жылдагы дин жана ынаным негизиндеги сабырсыздыктын жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларация
- Жалпы тартиптеги 22-эскертме, анда Адам укуктары боюнча комитет ЖСУЭП 18-беренесин тактап жана толуктаган

Кайсы бир өлкөлөр дин жана ынаным эркиндигин коргоочу милдеттүү эл аралык келишимдерди ратификациялабаса дагы, бул эркиндик кадимки эл аралык укуктун бир бөлүгү катары корголуучу катары эсептелет.(18) Эл аралык документтерге кошумча, дин жана ынаным эркиндиги предметине карата региондук документтер дагы бар. Белгилей кетсек, бул документтер дин жана ынаным эркиндигине ар кандай аныктама берет, жана алардын баары эле ЖСУЭП жасагандай деңгээлде дин жана ынаным эркиндигин жакшы коргоону камсыздабайт.

- Европа Кеңешинин Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Конвенциясынын 9-беренеси
- Венадагы, 1986-жылдагы “Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмдун” корутунду документинин 16-пункту
- Адамдын жана элдердин укуктарынын Африка хартиясынын 8-беренеси
- Адам укуктарынын Араб хартиясынын 26 жана 27-беренелери
- Адам укуктары жөнүндө Америка конвенциясынын 12-беренеси

## 3.2 Сегиз негизги нормативдик баалуулуктар

Башка адам укуктарына тиешелүү сыяктуу эле, айрым адамдар дин жана ынаным эркиндигинин негизги ээлери жана алуучулары* болуп саналышат. Мамлекеттин милдети – дин жана ынаным эркиндигинин төмөндөгү сегиз нормативдик негизги баалуулуктарын урматтоо жана коргоо. Жалпысынан бул элементтер дин жана ынаным эркиндиги урматталган жерде корголушу керек болгон минималдуу стандартты түзөт.

1 **Ички эркиндик.** Динге же ынанымга эркин ээ болуу, тандоо, алмаштыруу же калтыруу укугу. Бул “ички форум” деп аталган эркиндик эч ким жана эч нерсе менен мыйзамдуу негизде чектелбейт. Ал адам укуктары жөнүндө документтерге ылайык, шартсыз * коргоого ээ. Муну менен катар, өз динин алмаштыруу укугу талкуулоого жана талашууга кабылат. Көпчүлүк өкмөттөр жана топтор адамдардын кандайдыр бир динге таандык болуусуна, аны өзгөртүүгө же калтырууга тыюу салышат. Көпчүлүк өлкөлөрдө динди калтырууну чечкен адамдар коом тарабынан коркутууларга жана зомбулукка кабылышат. Жеке күбөлүктө же башка милдеттүү мамлекеттик документтерде өзүнүн динин көрсөтүү талабы, көбүнчө басмырлоо жана куугунтуктоо үчүн пайдаланылат.[20]

2 **Тышкы эркиндик.** Динди же ынанымды тутуу жана билдирүү укугу. Бул эркиндик жеке же ачык, жалгыз же башкалар менен коомдоштукта өзүнүн динин тутуу жана билдирүү укугун камтыйт.[21] Бул эркиндик төмөндөгү укуктарды камтыйт:

- Сыйынуу же динге же ынанымга байланыштуу чогулуу, ошондой эле сыйынуу орундарын негиздөө жана кармап туруу.
- Кайрымдуулук же гуманитардык мекемелерди түзүү жана иштетүү.
- Диндин жана ынанымдын каадалары же жөрөлгөлөрү менен байланыштуу керектүү предметтерди жана материалдарды өндүрүү, сатып алуу жана пайдалануу.
- Тигил же бул динге же ынанымга байланыштуу тийиштүү басылмаларды жазуу, басып чыгаруу жана жайылтуу.
- Бул максатка ылайыктуу жерлерде дин жана ынаным маселелери боюнча окутууларды жүргүзүү.

- Айрым адамдардан же уюмдардан ыктыярдуу финансы же башка кайыр садагаларды суроо жана алуу.
- Тигил же бул диндин же ынанымдын талаптарына жана стандарттарына ылайык тийиштүү жетекчилерди жана мугалимдерди даярдоо, дайындоо жана шайлоо.
- Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде дин жана ынаным маселелери боюнча айрым адамдар жана жамааттар менен байланыш түзүү жана кармап туруу.
- Эс алуу күндөрүн сактоо; майрамдарды белгилөө жана тигил же бул динге ылайык жөрөлгөлөрдү жөнөтүү; тигил же бул диндин эскертмелерине ылайык кийинүү жана тамактануу; диний символдорду пайдалануу; жана өзүнүн динин башкалар менен бөлүшүү.

**3** Мажбурлоонун же зомбулуктун жоктугу. Эч кимдин башка адамды динге ээ болууга, кармоого же өзгөртүүгө мажбурлоого укугу жок. Мажбурлоо башка адамды дене бойлук зомбулук колдонуу же ага коркутуу, психологиялык зомбулук, кылмыш санкциялары же мыйзамга каршы аракеттердин башка формаларын колдонуу менен,  өзүнүн эркине каршы динин алмаштырууну түшүндүрөт. БУУ дин эркиндигин интерпретациялоо боюнча БУУ жалпы тартиптеги 22-эскертмесинде эгерде өкмөт адамдардын динди тандоосуна таасирин тийгизүү максатында, материалдык жыргалчылыкты пайдаланса же медициналык тейлөөгө, билим берүүгө жана/же ишке орношууга жетүү мүмкүндүгүн чектесе, муну таасир этүүнүн жабык күчү катары кароо керектиги көрсөтүлгөн.[22]

**4** Басмырлоонун жоктугу. Ар бир адам кандайдыр бир басмырлоосуз дин жана ынаным эркиндигине укуктуу. Мамлекет өзүнүн өлкөсүнүн чегинде бардык адамдар үчүн бул эркиндикти урматтоого жана коргоого милдеттүү. Көпчүлүктүн дини азчылыктын дининин үстүнөн эч кандай артыкчылыктарга ээ болбошу керек. Динге таандыктуулугуна* же адамдын ынанымына жараша, кандайдыр бир жол менен басмырлоону билдирүүгө тыюу салынат. Өкмөт ал мыйзамда, практикада* же коомдо болуп жатканынан көз карандысыз, мындай басмырлоонун алдын алуу максатында натыйжалуу чараларды көрүүгө милдеттүү.[23] Мамлекет динге жана анын жактоочуларына карата калыстыкты* сакташы керек. Тилекке каршы, бүткүл дүйнөдө динге же ынанымга негизделген басмырлоо азчылыктын негизги билим берүү жана медициналык тейлөө сыяктуу кызмат көрсөтүүлөргө карата жетүү мүмкүндүгүнө терс таасирин тийгизет.

5 **Ата-энелердин жана камкорчулардын укуктары жана баланын укуктары.** Ата-энелер же камкорчулар алардын өздөрүнүн динине жана жашоо позициясына ылайык баланы тарбиялоого укуктуу. Диний тарбия баланын курактык өнүгүүсүнүн деңгээлине ылайык келиши керек. Бала чоңойгондо ага өзүнүн ынанымына байланыштуу чечим кабыл алууга шарт түзүү керек. (24) Өкмөт динчил ата-энелер өз балдарына эмнени бериши керектигин чече албайт. Диндин жана ынанымдын практикалары баланын дене бойлук же психологиялык саламаттыгына же өнүгүүсүнө эч качан зыян келтирбеши керек. Ар бир баланын анын ата-энесинин же камкорчуларынын каалоолоруна ылайык диний тарбияга карата жетүү укугу бар жана бала эч качан бул каалоолорго каршы мындай тарбия алууга мажбурланбашы керек. Эгерде мамлекеттик мектептердеги диний тарбия калыстык жана объективдүүлүк талаптарына жооп бербесе, өкмөт окуучуларга өз тандоосун жасоо же башка сабактарга баруу мүмкүнчүлүгүн бериши керек. Эгерде бул сабактардан бошотуу мүмкүнчүлүгү болсо, бул басмырлоосуз түрдө аткарылышы керек. Эл аралык практикада азчылыктардын ичинен миллиондогон балдар көпчүлүктүн дининен жана ынанымына ылайык тенденциоздук тарбия алууга аргасыз.

6 **Корпоративдик эркиндик жана укуктук статус.** Жалпы ынанымды бөлүшкөн топтор жамаат катары расмий таанылууга укуктуу, ал эми буга умтулгандын баары жамаат катары алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын көрсөтүүчү расмий органды түзүү үчүн юридикалык жактын статусун бериши керек. Расмий каттоо же юридикалык жактын статусу диний топтор же ынанымды бөлүшкөн топтор дин жана ынаным эркиндигин же жеке иштеринде автономиялуулук* укугун пайдалануусу үчүн талап болбошу керек. Негизги укук ээси жеке жактар болуп саналаарына карабастан, колдонуудагы стандарттар дин жана ынаным эркиндигинин укуктарынын жамааттык аспектисинин маанилүүлүгүн баса белгилейт, ага диний жамааттардын көптөгөн мүчөлөрү ээ болушат.(25) Тилекке каршы, дүйнөнүн көптөгөн чекиттеринде диний ишенген адамдарды басмырлоо, кемсинтүү жана куугунтуктоо үчүн каттоо жөнүндө катаал мыйзамдар колдонулат.

7 **Ажырабастык*.** Согуш же өзгөчө абал сыяктуу өзгөчө шашылыш кырдаалдарда, өкмөт белгилүү ченемде айрым адам укуктары үчүн артыкчылык бериши мүмкүн. ЖСУЭПнын 4-беренесинде бул артка чегинүү деп аталган артыкчылыктар, бул калган эл аралык милдеттенмелерге жана мыйзамдарга карама-каршы келбегендей жасалышы мүмкүн экени жана көрүлгөн чаралар дин, тил, жыныс, раса, теринин түсү же социалдык теги негизинде басмырлоого алып келбеши керектиги көрсөтүлгөн. Бирок ажыратылгыс укуктар деп аталган,  эч кандай жагдайда көңүлгө албай коюуга же четке кагууга болбой турган укуктар бар: дин жана ынаным эркиндигине карата тиешелүү ички эркиндик мындай укуктардын бири болуп саналат. Эч качан жана эч кимге   динге жана ынанымга ээ болуу, кабыл алуу, өзгөртүү жана кармануу укугунан баш тартылбайт. Мажбурлоодон жана басмырлоодон эркиндикке болгон укуктардын жана ата-эне укуктарынын элементтери дагы ажыратылгыс болуп саналат. Ажыратылгыс болуп саналган башка адам укуктары – бул жашоого (C),  кыйноолордон жана кулчулуктан болгон эркиндик укугу жана мыйзамдуу жана жазык процедураларына тиешелүү айрым укуктар.[26]

C Өлүм жазасы колдонулган өлкөлөргө тиешелүү айрым артыкчылыктар бар.

8 **Мыйзам менен белгиленген чектөөлөр.**
Көпчүлүк адам укуктары сыяктуу эле, дин жана ынаным эркиндиги мыйзамдуу негизде чектелген айрым учурлар болот. Бул чектөөлөр динди же ынанымды тутуу укуктарына байланыштуу гана колдонулушу мүмкүн. Бул чектөөлөр басмырлоо түрүндө колдонулбашы керек. Укуктарды кыскартуу же чектөө төмөндөгү үч талапка ылайык келиши керек:

- Мыйзамга негизделиши керек.
- Керектүү жана шайкеш болушу керек, башкача айтканда, эгерде өкмөт кандайдыр бир башка максат менен белгилүү максатка жете алса, ал дин жана ынаным эркиндигин чектебей турган чечим кабыл алышы керек.
- Төмөндөгү коомдук жыргалчылыктардын бирин коргоо максатында колдонулушу керек:
  - Коомдук коопсуздук
  - Коомдук тартип
  - Коомдук ден соолук
  - Коомдук мораль (коомдук мораль эмнени түшүндүрө турганы жөнүндө түюндурма бирден ашык диний салтка негизделиши керек)
  - Башка адамдардын негизги укуктары жана эркиндиктери.

**МИСАЛ**

### Иранда христиандарды куугунтуктоо

Юсеф-Надархани – Ирандагы христиандык пастор, ал өзүнүн дин тутуусунун себеби боюнча өлүм жазасы коркунучу астында үч жыл түрмөдө отурган. Надархани 2009-жылы ал анын эки уулу тең мектепте өтүшү керек болгон, мусулмандык диний окууну шектенүүгө койгондо камакка алынган. Бир аздан кийин айыптоо динден кайтууга; башкача айтканда исламдан кетүүгө айыптоого өзгөртүлгөн. Юсуф мусулман үй-бүлөдө төрөлгөнүнө карабастан, ал христиан болгонго чейин, практикалаган мусулман болгон эмес. 2010-жылы Надархани исламды калтырып, христианчылыкка кайрылганы үчүн өлүм жазасына соттолгон. Надархани өлүм жазасына карата апелляция берген; бирок ал жергиликтүү сот дагы, Жогорку сот тарабынан дагы кабыл алынган эмес. Көптөгөн соттук Угуулардын убагында Надарханиге эгерде ал өзүнүн христиандык dininен баш тартып жана кайра исламга кайрылганда гана, эркиндик берүүнү жана бардык айыптоолорду алып салууну сунушташкан. Надархани муну жасоодон баш тарткан. 2012-жылдын сентябрында жаңы соттук угуунун убагында Надархани динден кайтууга айыптоо боюнча акталган жана анын өлүм жазасы жокко чыгарылган. Мунун ордуна ага мусулмандар арасындагы евангализм үчүн айыптоо чыгарылган жана үч жыл эркинен ажыратууга өкүм чыгарылган. Ал үч жыл түрмөдө отургандыктан, ал бошотулган.

*Булак: “Christian Solidarity Worldwide” уюму, 2012.*

# 4 Дин жана ынаным эркиндигин бузуу кандай болот?

Мамлекет өзүнүн аймагында адам укуктарын урматтоо, коргоо жана жайылтуу үчүн негизги жоопкерчиликти тартат. Мамлекет милдеттүү:

- Адам укуктарын **урматтоо**, башкача айтканда, адам укуктарын бузууга жол бербөө.
- Адам укуктарын **коргоо,** башкача айтканда, мамлекет дагы, башка кимдир бирөө анын чегинде анын жашоочуларынын укуктарын урматтабоо көрсөтпөшүн  камсыздоодо активдүү роль аткаруу.
- Адам укуктарын **популяризациялоо,** башкача айтканда, адам укуктарын урматтоого жана коргоого окутууда, ошондой эле мамлекеттин чегинде аларды колдоодо активдүү роль аткаруу.

Бирок көбүнчө мамлекеттин өзү адам укуктарын бузуунун күнөөкөрү болуп саналат, ошондуктан адам укуктарынын болушу үчүн адамдардын өздөрү өз укуктарын билүүсү абдан маанилүү. Элеонора Рузвельт, Адам укуктарынын декларациясын иштеп чыгуу үчүн жоопту комиссиянын жетекчиси, коомчулуктун адам укуктары боюнча документтер жөнүндө кабардар болуусунун маанилүүлүгүн баса белгилеген жана алар “эгерде адамдар алар жөнүндө билишпесе, аларды түшүнбөсө жана алардын болушун талап кылышпаса, эч кандай салмакка ээ болбой турганын” айткан.[28]

## 4.1 Канделинге ылайык куугунтуктун үч этабы

Куугунтукту кандай аныктоого же өлчөөгө карата эл аралык консенсус жок. Куугунтукка кабылган динчилдер жөнүндө сандар жана статистикалык маалыматтар менен иштөө ыркcыздыкка алып келиши мүмкүн. Муну менен катар, куугунтуктун аспекттеринин бири, атап айтканда зомбулук же зомбулук коркунучу өзгөрүүсүз калгандай. Зомбулукка (зомбулук коркунучуна) карата кыймыл процессине катышкан механизмдерди Йохан Канделиндин үч фазалуу моделинин жардамы менен сүрөттөөгө болот[D].

D Йохан Канделин – “Эркиндиктин диний комиссиясы” уюмунун мурдагы президенти

Бул модель активдүү жана пассивдүү баскычтарга бөлөт. Фаза мамлекет түздөн-түз катышканда активдүү болот, ал эми пассивдүү – куугунтук жеке адамдар/жарандык коом тарабынан жасалат жана мамлекет куугунтукту токтотуп жана аны курмандыктан коргоо үчүн чара көрбөйт. Бул үч фаза бири бири менен кесилишип же бир убакта болушу мүмкүн.

- **Жалган маалымат –** маалыматты бурмалоо жана стереотиптик түшүнүктөр, мисалы, ММКда, окуу материалдарында, ошондой эле саясатчылар жана кызмат адамдары диний азчылыктарды кандай сүрөттөй турганында. Басмырлоонун пайда болушун актаган, калк арасындагы ушактар, көз караштар жана кастык.
- **Басмырлоо –** мыйзамга, укуктук ченемдерди жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга, ишке орношууга, билим бер маселелерине карата теңсиздик.
- **Катаал куугунтук –** адамдын диний таандыктуулугун же анын мүлкүнө карата зомбулук коркунучтары же эркинен ажыратуу, кыйноолор, күч колдонуу, сүрүп чы кол салуулар.[29]

МИСАЛ

## 4.2 Дин жана ынаным эркиндигин мыйзамга каршы чектөөлөр

Адамдын кандайдыр бир башка укуктарын бузуудан айырмаланып, дин эркиндигин бузуулар бул учурда дин аныктоочу фактор болуп саналгандыгынан көз каранды болот деп эсептөөгө болобу. Эгерде мындай болсо, анда, эреже болгондой, бул жападан жалгыз фактор эмес. Суроо жаралышы мүмкүн: “Башка диний ынанымдарды карманган же эч кандай диний ынанымды карманбаган адам бул кырдаалда өзүнө карата ушундай эле мамилени сезе алабы?”, “Башка диний топтордун жактоочуларына карата башкача мамиле кылабы?”. Эгерде бузуунун жүйөсү диний мүнөзгө ээ болбосо дагы, баары бир бул дин эркиндигин бузуу болот.(30)
Айрым чектөөлөр мамлекеттин аракетинин, саясатынын жана мыйзамдарынын жыйынтыгы болуп калат. Башкалары жеке адамдар, уюмдар жана социалдык топтор тарабынан кастык аракеттердин жыйынтыгы болот. 2012-жылдагы “дин жана коомдук жашоо боюнча Пью форумунун” баяндамасынын маалыматтары боюнча, чектөөлөрдүн эң жогорку жалпы деңгээли Сауд Аравиясы, Индонезия жана Ооганстан, Пакистан, Индия, Египет жана Россия сыяктуу өлкөлөрдө бар, бул өлкөлөрдө өкмөт жана жалпысынан коом диний ынанымдарга жана практикаларга көптөгөн чектөөлөрдү салат.

### Индияда мусулмандарды куугунтуктоо


2002-жылдын февралында жана мартында Индиядагы Гуджарат штатындагы индуисттик экстремисттердин жетекчилиги астындагы мусулманчылыкка каршы кол салуулардын убагында дээрлик 2000 мусулман өлтүрүлгөн. Катаал жаза тынымсыз үч күн уланган жана бир нече жума аралыгында маал-маалы менен уланып турган. Башаламан адамдар тобу көптөгөн мусулман үйлөрүнө жана сыйынуу жайларына кол салып, тоноп жана өрттөп жиберишкен. Миңдеген адамдар үйсүз калышкан. Он миңдеген адам качуу менен аман калууга аргасыз болушкан.
Мындай катаалдык мусулмандар тарабынан уюштурулган делген, бирок бул так аныкталбай калган, поезддеги өрткө карата жакшы координацияланган реакциялардын жыйынтыгы болгон. Мусулмандарды жазалоону токтотууга аракет кылган жергиликтүү адамдардын аракеттерине индуисттик экстремисттерди колдогон, калыстыгы жок жетекчилер тоскоолдук кылышкан. Бир нече күбө жергиликтүү полициянын кызматкерлери алардын коопсуз орунга кетүүсүнө жардам берүүнүн ордуна, адамдарды башаламан адамдар тобуна жөнөткөн. Ошондой эле Гуджараттын негизги министрине карата аны полицияны индустардын мусулмандарга кол салуусуна тоскоолдук кылбоосуна буйругандыгына айыптаган, ишеним жараткан бир нече арыздар коюлган.

*Булак: “Christian Solidarity Worldwide” уюму.*

Бирок мамлекет саясат жана социалдык кастык дайыма эле тандемде болбойт. Кытайда, Эритреяда жана Өзбекстанда динге карата абдан жогорку мамлекеттик чектөөлөр бар, бирок социалдык кастыкка байланыштуу чектөөлөр орточо жана төмөнкү деңгээлдерде байкалат. Социалдык кастыктын деңгээли жогору жана өкмөттүн чектөөлөрү орточо же төмөнкү деңгээлде болгон карама-каршы модель жайылган эмес.[31]

**Restrictions on Religion among the 25 Most Populous Countries**

*Among the world's 25 most populous countries, Egypt, Indonesia, Russia, Burma (Myanmar), Iran, Vietnam, Pakistan, India, Bangladesh and Nigeria stand out as having the most restrictions on religion as of mid-2010 when government restrictions and social hostilities both are taken into account. (Countries in the upper right of the chart have the most restrictions and hostilities.) Brazil, Japan, Italy, the United States and the Democratic Republic of the Congo have the least restrictions and hostilities. (Countries in the lower left have the least restrictions and hostilities.)*




Pew Research Center, Arab Spring Adds to Global Restrictions on Religion
http://www.pewforum.org/2013/06/20/arab-spring-restrictions-on-religion-findings/

*Бул сүрөт дүйнөнүн калк жыш жайгашкан өлкөлөрүндөгү социалдык кастыктын (Y огу) жана мамлекеттин чектөөлөрүнүн (X огу) деңгээлдерин көрсөтүп турат. Сиздер байкаганыңыздай, диаграмманын жогорку оң бурчунда дин жана ишеним эркиндигин эң жогорку чектөөлөрү бар өлкөлөр жайгашкан.*

## 4.3 Өкмөт тарабынан чектөөлөр

Бул чектөөлөр цензура*, диний сезимдерди кемсинтүү жөнүндө мыйзам сыяктуу басмырлоочу мыйзамдардан жана кудайга (кудайларга) же ыйыктарга байланыштуу жаман же уят сөздөрдөн же аракеттерден, башка динге кайрылууга тыюу салуудан жана прозелитизмден* тартып, кысымга алууга*, изине түшүүгө, кол салууга, башаламан* кармоолорго жана тийиштүү соттук кароосуз* түрмөгө камоого чейин болот. Көбүнчө өкмөт динчилдердин жамааттарына негизги эркиндиктерди берүүдө баш тартуунун жолу катары каттоо үчүн оордук келтирген талаптарды пайдаланат, бул аларга юридикалык жак болууга тоскоолдук кылат, ошондой эле алардын мүмкүнчүлүктөрүн, мисалы, штат жалдоо, сыйынууну өткөрүү үчүн ордунду ижарага алуу же сатып алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Айрым диний топтор каттоодон өтүүдө олуттуу кыйынчылыктарга кабылышат жана ушундан улам бийлик тарабынан алардын ишмердиги мыйзамсыз жана жазалануучу катары эсептелет. Акыркы жылдары террорчулук менен күрөшүү көбүнчө дин тутуу эркиндиги жаатында адам укуктарын бузууларды актоо катары пайдаланылат. Диний азчылыктар дагы укуктук ченемдерди жана коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу убагында, ошондой эле билим берүү жана ишке орноштуруу тутумунда басмырлоого кабылышы мүмкүн.

## 4.4 Социалдык кастык

Мамлекеттик эмес ишмерлер дагы кысымга алуу, коркутуу, социалдык зомбулук, сыйынуу ордуна, белгилүү диний топтун жеке жактарынын мүлкүнө кол салуу түрүндө дин эркиндигине чектөөлөрдү салышы мүмкүн. бул өңдүү кол салуулар жана бузуулар жазасыз калган учурлардын көптөгөн мисалдары бар, анткени бийлик өкүлдөрүндө аялуу жеке жактарды жана топторду коргоого жана сот тартибинде бузуучуларды жазалоого каалоосу, эрки же мүмкүнчүлүгү жетишкен эмес. Жазасыздык андан аркы социалдык кастыкка түртөт.

# Ар бир адам үчүн дин жана ынаным эркиндиги **эркиндиги**

## Аннотация



***Элеонора Рузвельт, адам укуктары боюнча документтер “эгерде адамдар алар жөнүндө билишпесе, аларды түшүнбөсө жана алардын болушун талап кылышпаса, эч кандай салмакка ээ болбой турганын” айткан.***

## Аннотацияны кантип пайдалануу керек

Бул аннотация түшүнүү үчүн жөнөкөй тилде жазылган, тексттин кыскартылган версиясы болуп саналат. Аннотацияны өз алдынча же брошюраны окуу менен айкалыштырып пайдаланууга болот. Пайдалануунун ыңгайлуулугу үчүн бул памфлет аны айрып алганга боло тургандай жасалган. Баракты пунктир менен белгиленген тилкеси боюнча айрыңыз.

Миссия stefanus alliance international

куугунтукталгандарды коргоого биригели

1 страница 4

## Дин жана ынаным эркиндиги – ар бир адамдын кызыкчылыгында

Дин дүйнөдөгү көпчүлүк адамдар үчүн маанилүү орунду ээлейт. Дин жана ынаным эркиндиги көп учурда чектөөлөргө кабылат.

Диний куугунтуктоолор ар кандай формада болот жана физикалык, ошондой эле психологиялык мүнөздө болушу ыктымал. Бул брошюра дин эркиндиги эмне үчүн маанилүү экенин, бул эмне экени жана ал кандайча бузула турганына түшүндүрмө берет.

2 страница 5

## Кеңири жайылган адашуулар

Дин жана ынаным эркиндиги эмне экендигине байланыштуу көптөгөн адашуулар бар. Биз бир нече кеңири жайылган адашууларды четке кагууну каалайбыз.

- Динди шылдыңдоодон же сынга салуудан коргоо. Тескерисинче, ар кайсы динди карманган адамдарды коргоо керек.
- Баарын бирдей дин тутууга мажбурлоо.
- Батыш же христиан кызыкчылыктарын гана коргоо.
- Дин аралашпаган, башкача айтканда диний эмес коомду түзүү.

3 страница 6

## Дин жана ынаным эркиндиги эмне үчүн мааниге ээ?

Дин жана ынаным эркиндиги дин же ынаным менен байланышкан бардык топторго, анын ичинде эч кандай кудайга ишенбегендерге (атеисттерге) жана Кудай бар же жогун билүү мүмкүн эместигине ынангандарга (агностиктер) дагы тиешелүү. Дин жана ынаным эркиндигин мыйзамга каршы чектөөлөр дүйнөнүн бардык бөлүктөрүндө кездешет. Дин жана ынаным эркиндигин бузуу адамдын башка укуктарын бузууга алып келет. Дин эркиндиги маанилүү, анткени инсанды, ошондой эле өзүнүн жеке ынанымдарын калыптандыруу жана көрсөтүү укугун коргойт. Муну менен катар, дин эркиндиги жалпысынан адам укуктарын жайылтат.

Коомдо дин жана ынаным эркиндигин жогорку чектөөлөрдүн жана төмөндөгүлөрдүн ортосунда байланыш болот:

- Начар экономикалык өнүгүү; аялдардын социалдык жана экономикалык маселелерге катышуусунун төмөнкү статусу жана деңгээли; ошондой эле ден соолуктун начар көрсөткүчтөрү
- Начар жарандык коом жана начар коомдук кыймылдар
- Зомбулук жаңжалдарынын жана аскердик чыгымдардын жогорку деңгээли

4 страница 9

## Дин жана ынаным эркиндиги эмнени түшүндүрөт?

Дин жана ынаным эркиндиги ар бир адамда төмөндөгүлөргө укук бар экенин түшүндүрөт:

- Динге же ынанымга **ээ болуу**
- Өзүнүн динин же өзүнүн ынанымын **өзгөртүү**
- Өзүнүн динин же өзүнүн ынанымын **жарыялоо,** башкача айтканда көрсөтүү

Бул укуктар Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 18-беренеси жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты сыяктуу, эл аралык документтерде макулдашылган.

## 5 страница 10

### Сегиз негизги нормативдик баалуулуктар

Дин жана ынаным эркиндигинин минималдуу стандартын түзгөн сегиз негизги баалуулуктар бар:

1. Ички эркиндик: ар бир адамда эмнеге ишенүү керектигин, эмнеге ишенбөөнү, анын ичинде өзүнүн дин тутуусун өзгөртүүнү же калтырууну өзү чечүүгө укуктуу.
2. Тышкы эркиндик: ар бир адамда жеке, же коомдук түрдө өз динин билдирүү укугуна ээ.
3. Мажбурлоонун же зомбулуктун жоктугу: эч кимдин башка адамды өз динине ээ болууга, колдоого жана өзгөртүүгө мажбурлоого укугу жок.
4. Басмырлоонун жоктугу: дин жана ынаным негизинде кандайдыр бир жол менен басмырлоону көрсөтүүгө тыюу салынат.
5. Ата-энелердин жана камкорчулардын укуктары: ата-эне (камкорчулар) өзүнүн жеке align динде өз баласын тарбиялоого укуктуу.
6. Корпоративдик эркиндик жана укуктук статус: диний топтор жамаат (уюм) катары катталууга жана мисалы, контракттарга кол коюу жана карыздарды төлөө үчүн юридикалык укуктарды жана милдеттенмелерди алууга укуктуу.
7. Ажыратылгыстык: дин жана ынанымдын ички эркиндиги (өз динине ээ болуу, кабыл алуу жана өзгөртүү) эч качан мыйзам менен чектелиши мүмкүн эмес.
8. Мыйзам менен белгиленген чектөөлөр: өз динин тутуу укугу белгилүү жагдайларда чектөөгө алынышы мүмкүн.

## 7 страница 14

### Дин жана ынаным эркиндигин бузуу кандай болот?

Мамлекет адам укуктарын урматтоо жана коргоо үчүн жоопкерчилик тартат. Бул жоопкерчиликке карабастан, мамлекеттин өзү адам укуктарын бузат. Ошондуктан адамдардын өздөрү өз укуктарын билүүсү маанилүү.

Дин жана ынаным эркиндигин бузуулар ар кандай болот. Алар мамлекет тарабынан чектөөлөр, мисалы, адилетсиз мыйзамдар жана эрежелер, кысымга алуу, изине түшүү, кол салуулар жана тийиштүү соттук кароосуз эркиндигинен ажыратуу себеби боюнча болушу мүмкүн. Дин жана ынаным эркиндигин бузуулар социалдык кастыктын, кошуналар жана жамааттар сыяктуу мамлекеттик эмес факторлор тарабынан кысымга алуу себеби боюнча да болушу мүмкүн. Бул бузуулар кысымга алууда, коркутууларда, социалдык зомбулукта жана сыйынуу ордунда же белгилүү диний топтордо турган адамдарга кол салууда турат. Бул бузуулар көп учурда жазасыз калат, анткени мамлекет аларга каршы чара көрбөйт.

## 6 страница 15

### Канделинге ылайык, куугунтуктоонун үч этабы

Куугунтук көп учурда диний топ жөнүндө жалган маалымат (ушактар жана чындык эмес) менен башталат. Жалган маалымат басмырлоого айланат, мисалы, мыйзам, билим берүү же ишке орноштуруу чөйрөсүндө. Кээде куугунтук катаал мүнөзгө ээ болот, бул катаал кол салуу, эркинен ажыратуу, кыйноолор ж.б. элементтерди камтыйт.

**ЖАЛГАН МААЛЫМАТ**

↓

**БАСМЫРЛОО**

↓

**КАТААЛ КУУГУНТУК**

# Эскертүүлөр


1 Grim B.J., 2008. God's Economy. In:Marchall, P.(ed), 2008. «Religious Freedom in the world».

2 Форум 18, 2012. «Тажикстан: Мечитке кол салуу, кудайга ишенгендер сотсуз кармалышты». http://www. forum18.org/ Archive.php?article_id =1662

3 Азия жаңылыктары, 2011. "Карнатака: Индуисттик экстремисттер Кумарлуу жумада эки протестанттык чиркөөгө кол салышты". http://www.asianews.it/news-en/ Karnataka: -Hindi-extremists-attack-two-Protestant-churches-on-Good-Friday -21394.html

4 CNN.2010. Лахорго болгон кол салуулардан кийин курман болгондордун саны 98ге чейин өстү. http://articles.cnn/ com/2010-05-28/world/pakistan.violence_1_shiitemuslims-ahmadi-mosgues?_s=PM:WORLD

5 Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт. 20-берене

6 Lindholm,T.,2004 «Philosophical and Religious Justification for Freedom of Religion or Belief» In: Lindholm. T. W., Durham, C., TahzibLie, B.G.,(eds).2004. «Fasilitatihg Freedom of Religion or Belief: A Deskbook» P.147.

7 Glendon. M.A., 2002. «A World Made New».

8 Novak/Vospemic«k, 2004. «Permissible Restriction on Freedom of Religion or Belif» In: Lindholm. T. W., Durham, C., TahzibLie, B.G.,(eds).2004. «Fasilitatihg Freedom of Religion or Belief: A Deskbook» P.147.

9 Marshall.P., 2008. «The Range of Religious». In : Marshall.P., (ed) 2008. «Religious Freedom in the world».

10 Pew Reserch Centers Forum on Religion &Public Life, 2013. Arab Spring Adds to Global Restrictions on Religion

11 Cash, K.,2009. «Faith, Freedom and Change», Swedish Mission Council. http://www. Missioncounsil.se/: Marshall.P., 2008. «The Range of Religious». In : Marshall.P., (ed) 2008. «Religious Freedom in the world».

12 Grim B.J., 2008. God's Economy.In:Marchall, P.(ed), 2008. «Religious Freedom in the world».

13 Malloch. T., 2008. «Free to choose: Economics and Religion» In : Marshall.P., (ed) 2008. «Religious Freedom in the world».

14 Grim B.J., 2008. God's Economy. In: Marchall, P.(ed), 2008. «Religious Freedom in the world».

15 Grim B.J., Finke, R., 2011. «The Price of Freedom Denied»

16 Trigg. Robert, 2012. «Egualiti, Freedom, & Religion».

17 БУУнун адам укуктары боюнча комитети, Жалпы эскертүү № 22 (2)

18 Ghanea, N., Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G. 2004. Introduction. In: Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G (eds). 2004. «Fasilitatihg Freedom of Religion or Belief: A Deskbook»

19 Ghanea, N., Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G. 2004. Introduction. In: Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G (eds). 2004. «Fasilitatihg Freedom of Religion or Belief: A Deskbook»

20 ВДПЧ.18-берене; МПГПП 18-берене (1); ЕСПЧ 9-бер. (1) Жалпы эскертүү №22 (3.5)

21 МПГПП, 18-бер.; Жалпы эскертүү №22 (4); 1981 Декларация 6-бер.

22 МПГПП, 18-бер; Жалпы эскертүү №22 (5); 1981 Декларация 1-бер. (2)

23 ВДПЧ. art 2; МПГПП, 2,5, 26 жана 27-бер. 1981; Декларация 2-4 бер. Жалпы эскертүү №22; 2-бер; ЕСПЧ, 14-бер

24 КПР. 14-бер (2) МПГПП 18 (4) Жалпы эскертүү №22 (5); 1981 Декларация 5-бер.

25 Ghanea, N., Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G. 2004. Introduction. In: Lindholm, T., Durham. C., Tahzib-Lie, B.G (eds). 2004. «Fasilitatihg Freedom of Religion or Belief: A Deskbook»; МПГПП 18 (1)

26 МПГПП. 4(2)-бер. Жалпы эскертүү №22; 3 жана 8-бер.

27 МПГПП. 18(3)-бер.; ЕСПЧ. 9(2)-бер. Жалпы эскертүү №22 3.8-бер.

28 Glendon.M.A. 2001. «A World Made New» P.xix

29 Candelin.J., 2005 Миссия «Эркиндик диний комиссиясы»: Женевадагы баяндама. 2005. «A perspective on global religious freedom: challenges facing Christian Communities».

30 Marshall.P., 2008. «The nature of religious freedom». In: Marshall.P., (ed) 2008. «Religious Freedom in the world».

31 Pew Research Centers Forum on Religion & Public Life. 2013 Arab Spring Adds to Global Restrictions in Religion

# Корутунду эскертүүлөр

Дүйнө жүзүндө миллиарддаган адамдар үчүн дин алардын жашоосунун маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Ал максатка умтулат, маанилүү жашоо маселелерин түшүнүүгө жардам берет жана таандыктуулук жана боордоштук баарлашуу сезимин берет. Ошондой эле динге муктаж болбогон жана ансыз эле мааниге жана максатка умтулгандыкка ээ болгон көптөгөн адамдар бар. Дин жана ынаным эркиндиги бул адамдын бардыгы – динчилдер жана динге ишенбегендер үчүн маанилүү.  Биз бул брошюра дин жана ынаным эркиндигинин мазмунун, ошондой эле адамдын бул негизги укугун коргоонун жана жайылтуунун канчалык маанилүү экенин жакшы түшүнүүгө жардам берди деп үмүттөнөбүз.

# “Stefanus Alliance International” миссиясы жөнүндө

“Stefanus Alliance International” – бул Норвегияда жайгашкан эл аралык христиандык миссия жана дин жана ынаным эркиндигине өзгөчө көңүл бурган, адам укуктарын коргоо боюнча уюм. “Stefanus Alliance International” адамдардын өз динине ээ болуу, өзгөртүү жана тутуу эркиндигин коргойт. “Куугунтукталгандарды коргоого биригели” деген өзүнүн ураанын пайдалануу менен, биз бүтүндөй дүйнө боюнча куугунтуктоодон жана кысымга алуудан жабыркаган, адамдарга жана чиркөөлөргө колдоо көрсөтүүнү, кам көрүүнү жана практикалык жардам көрсөтүүнү камсыздайбыз.

Бул брошюраны жана дин жана ынаным эркиндиги жөнүндө кошумча маалыматты “Stefanus Alliance International” миссиясынын расмий баракчасынан табууга болот: www. stefanus.no

Эгерде сизде дин жана ынаным эркиндиги жөнүндө дагы суроолор жаралса, эгерде сиз төмөндөгүлөр аркылуу биз менен байланышсаңыздар, биз кубанычта болобуз: post@ stefanus.no же + 47 23 40 88 00

# Сөздүк

**Автономия** – өз алдынча башкаруу

**Авторитардык** – диктатордук, демократиялык эмес

**Агностик** – Кудай бар же жогун билүү мүмкүн эмес деп ишенген адам

**Атеист** – эч кандай кудайга ишенбеген адам

**Жазасыздык** – кылмыштуу акты үчүн жазанын жоктугу

**Шартсыз** – сунушталган шарттары жок

**Бенефициарлар** – бир нерседен киреше алуучу адамдар

**Калыс** – күн мурун ойлобоо

**АУЖД** – адам укуктарынын жалпы декларациясы

**Ички форум** – адамдын ички/жеке чөйрөсү

**Гомогендүүлүк** – бир топтун мүчөлөрү окшош белгилерге, каадаларга, диний ынанымдарга ж.б. ээ болот.

**Куугунтук** – адамга же анын үй-бүлөсүнө жана мүлкүнө каршы күч колдонуу же күч колдонууга коркутуу

**Демократиялаштыруу** – демократия тарапка же демократиялык механизмдерди кеңири пайдаланууга карата кыймыл.

**Басмырлоо** – дини, тили, этникалык таандыктуулугу, жынысы ж.б. негизинде адамдарга карата адилетсиз мамиле

**Диссонанс** – бирдей тондо угулбаган; ыргактуу эмес

**Тийиштүү соттук кароо** – сот тутумуна байланыштуу жеке жактарды коргоо боюнча чаралар

**Аткаруу** – планды ишке ашыруу

**Дин аралашпаган жашоо** – диний чөйрөнү өкмөттүн чөйрөсүнөн бөлгөн процесс

**ЖСУЭП** – Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты

**Ажыратылгыстык** – жокко чыгарууга жол берилбей турган нерсе

**Таандыктуулук** – өзүнчө адамдардын, топтордун же уюмдардын ортосундагы байланыш

**Кысымга алуу** – кимдир бирөөнү кыжырданткан же тынчсыздандырган жүрүм-турум

**Прозелитизм** - кимдир бирөөнү өзүнүн динине же бир жашоо позициясын бөлүшкөн жамаатына кошулууга ынандырууга умтулуу

**Негизсиз** - эрежелер өзгөрүп жана капилет тартипте колдонулат

**Көрсөтүү** – бир нерсени практикалоо же катышуу

**Секуляризм** – коомдук чөйрөдө динге каршы чыккан жана динди жеке чөйрөдө гана ишке ашырылышы керек деп эсептеген идеология

**Социоэкономика** – социалдык жана экономикалык маселелер

**Мыйзамдаштыруу** – бир нерсени мыйзамдуу же түзөтүү

**Цензура** – тексттин бир бөлүгү же бүтүндөй текст (же маалыматты билдирүүнүн башка формалары) коомго көрсөтүлүшүнө тоскоолдук кылуу